КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СУДЬЯЛАР КЕҢЕШИ

СОВЕТ СУДЕЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин**

# ЧЕЧИМИ

**Бишкек шаары** **29-ноябрь 2024-жыл**

Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин курамында: төрага Джунушпаев К.К., мүчөлөрү: Каримова Р.А., Касымалиев М.Ш., Алиева Г.С., Абдуллаев Б.А., Даркимбаев Т.К., Ибраимов Т.М., Молдакунов А.К., Султаналиева А.К. жана Токтосун уулу К.,

кеңештин катчысы Шоңкоева М.Н.,

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин 2024-жылдын 9-августундагы №08/574 сандуу каты менен «Сот тутумунун кызматкерлерине ипотека жолу менен турак-жай берүү жөнүндөгү» Жобосун талкуулап «Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесин жана Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин Регламентинин жетекчиликке алып Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңеши,

## ЧЕЧИМ КЫЛАТ:

«Сот тутумунун кызматкерлерине ипотека жолу менен турак-жай берүү жөнүндөгү» Жобосу сын-пикирлерди жана сунуштарды эске алуу менен бекитилсин.

**Кыргыз Республикасынын**
**Судьялар кеңешинин**
**төрагасы** **К.К. Джунушпаев**

**Кыргыз Республикасынын**
**Судьялар кеңешинин**
**мүчөлөрү**

| | |
|---|---|
| 1. Каримова Р.А. ____________ | 6. Ибраимов Т.М. ____________ |
| 2. Касымалиев М.Ш. ____________ | 7. Молдакунов А.К. ____________ |
| 3. Алиева Г.С. ____________ | 8. Султаналиева А.К. макулдугу бар |
| 4. Абдуллаев Б.А. ____________ | 9. Токтосун уулу К. макулдугу бар |
| 5. Даркимбаев Т.К. макулдугу бар | |

**«БЕКИТИЛДИ»**
Кыргыз Республикасынын
Судьялар кеңешинин
2024-жылдын 29-ноябрындагы
чечими менен

# Сот тутумунун кызматкерлерине ипотека жолу менен турак-жай берүү жөнүндөгү ЖОБОСУ

## 1. Жалпы жоболор

1. Сот тутумунун кызматкерлерине ипотека жолу менен турак-жай берүү жөнүндөгү Жобосу (мындан ары – Жобо) Кыргыз Республикасынын Конституциясына, “Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына, “Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө” конституциялык Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Турак-жай кодексине, “Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин чечими менен бекитилген 2024-жылдын 14-январындагы “Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаменти жөнүндө” Жобосуна жана башка Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык, Кыргыз Республикасынын аймагында сот тутуму үчүн салынып жаткан турак-жайларына ипотека жолу менен берүүдө социалдык жашоо шарттарын жакшыртууга муктаж болгон сот тутумунда эмгектенген кызматкерлерин тандап алуу максатында иштелип чыккан.

2. Бул Жобо сот тутумунда эмгектенген кызматкерлерди ар бир ипотекалык жолу менен салынып жаткан турак-жайдын бирдиктүү тизмесине киргизүүнүн шарттары, ошондой эле бирдиктүү тизмелерин түзүү боюнча Комиссиянын (мындан ары – Комиссия) жалпы жоболорун жөнгө салат.

3. Комиссиянын курамы төмөндө көрсөтүлгөн сот тутумунун органдарынын жетекчилеринин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңеши (мындан ары Судьялар кеңеши) тарабынан бекитилет. Комиссия туруктуу иштеген төмөнкү 13 мүчөлөрдөн түзүлөт (түзүмдүк бөлүмдүн жетекчинин деңгээлинен төмөн эмес):

– Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун өкүлү;
– Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун өкүлү;
– Кыргыз Республикасынын Бишкек шаардык сотунун өкүлү;

– Кыргыз Республикасынын Ош облустук сотунун өкүлү;
– Кыргыз Республикасынын Нарын облустук сотунун өкүлү;
– Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облустук сотунун өкүлү;
– Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облустук сотунун өкүлү;
– Кыргыз Республикасынын Талас облустук сотунун өкүлү;
– Кыргыз Республикасынын Баткен облустук сотунун өкүлү;
– Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин 3 өкүлү (мындан ары – Сот департаменти);
– Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот адилеттигинин жогорку мектебинин өкүлү (мындан ары – САЖМ).

4. Бул Жобонун шарттары Кыргыз Республикасынын аймагында сот тутумунун кызматкерлерине ипотекалык жолу менен салынып жаткан турак-жайларына таркатылат жана бул турак-жайларынан батир алууга Кыргыз Республикасынын бардык сотторунун судьялары жана аппарат кызматкерлери, Сот департаментинин, САЖМнын кызматкерлери катыша алышат.

Сот департаментине – анын борбордук аппаратынын, облустук башкармалыктарынын, “Адилет сот” маалыматтык технологиялар боюнча мекеменин, Кыргыз Республикасындагы Сот аткаруучулар жана Сот приставдар кызматынын кызматкерлери кирет.

5. Батирлерди бөлүп берүү ушул Жобонун 4-пунктунда көрсөтүлгөн сотторго, Сот департаментине жана САЖМга ар бир сот тутумунун кызматкерлерине ипотекалык жолу менен салынып жаткан турак-жайларына карата кезектүүлүктү аныктоо менен бекитилген бирдиктүү тизмелеринин негизинде ишке ашырылат.

Бирдиктүү тизменин формасы бул Жобонун тиркемеси катары Судьялар кеңешинин макулдугу менен Сот департаментинин буйругу менен бекитилет жана анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

**Кызматкер** – судьялар, Жогорку жана Конституциялык сотторунун аппараттарынын мамлекеттик жарандык кызматты ээлеген, ошондой эле техникалык жана кенже тейлөөчү персоналдагы кызматкерлер, жергиликтүү сотторунун аппаратынын, Сот департаментинин жана САЖМнын тутумундагы мамлекеттик жарандык кызматты ээлеген, ошондой эле техникалык жана кенже тейлөөчү персоналдагы кызматкерлер.

## 2. Ипотека жолу менен турак-жай алуунун жалпы шарттары

6. Сот тутумунун кызматкерлери ипотека жолу менен турак-жай алууга катышуу үчүн кийинки талаптарга ылайык келүүгө тийиш:
– Кыргыз Республикасынын жараны болууга;

– сот тутумунда жалпысынан 5 жылдан кем эмес иш стажы бар кызматкерлер;

– сот тутумунда туруктуу кызмат орду бар;

– кызматкердин (жубайынын, жолдошунун) жана кызматкердин жашы жете элек балдарынын менчигинде Кыргыз Республикасынын аймагында жеке турак жайынын жоктугу;

– арыз берген күнгө чейинки акыркы 3 жыл ичинде кызматкердин (жубайынын, жолдошунун) жана кызматкердин жашы жете элек балдарынын Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында турак жай менен кандайдыр бир жарандык-укуктук бүтүмдөрдүн болбогондугу;

– “Мамлекеттик ипотекалык компания” ААКда жактырылган каттоосунун болушу.

Сот тутумунда 15 жылдан ашык эмгектенген; “Баатыр-эне” наамы ыйгарылган энелер, көп балалуу жана кароосунда ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдар болгон үй-бүлөлөр жана жашы жете элек балдары бар жалгыз бой ата-эне (камкорчу) болгон кызматкерлер бирдиктүү тизмесине биринчи кезекте кирүүдө артыкчылыктарга ээ.

Кызматкерлер өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырып жаткан жумуш орду боюнча салынып жаткан турак-жайга гана талапкер боло алышат.

Бирдиктүү тизмени түзүүдө, эгерде ипотекалык жолу менен салынып жаткан турак-жайдын аймагында өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырып жаткан катышуучу кызматкерлердин саны бөлүнгөн батирлердин санына дал келбесе, ошол турак-жайга жакын аймакта өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырып жаткан башка кызматкерлерди бирдиктүү тизмесине киргизүүгө жол берилет.

Бирдиктүү тизмеге киргизүү кезектүүлүк принциби боюнча ишке ашырылат: биринчиден – эң жакын, андан кийин бирдиктүү тизме толук толтурулганга чейин – жакындык даражасы боюнча кийинки.

7. Комиссиянын кароосуна кийинки документтер тапшырылууга тийиш:

– кызматкердин бирдиктүү тизмесине киргизүү тууралуу арызы (конкреттүү турак-жайдын дарегин жана “Мамлекеттик ипотекалык компания” ААКда жактырылгандыгы тууралуу маалыматты көрсөтүү менен);

– кызматкердин паспортунун көчүрмөсү (жубайынын, жолдошунун паспортторунун, балдарынын күбөлүктөрүнүн көчүрмөсү ж.б. документтер);

– бирдиктүү тизмесине биринчи кезекте кирүүгө артыкчылыктарын тастыктаган документтер;

– иштегендиги тууралуу кадрлар бөлүмүнөн тактама-аныктама (справка-объективка);

– кызматкердин (жубайынын, жолдошунун) жана кызматкердин жашы жете элек балдарынын кыймылсыз мүлктөрү тууралуу ыйгарым укуктуу органдын тактамасы;

– никеге туруу/ажырашуу жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсү (бар учурда).

Маалымкаттарды Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы, анын ичинде ушул порталдын компоненти болуп саналган "Түндүк" мобилдик тиркеме аркылуу берүүгө жол берилет.

Комиссия тарабынан зарыл болгон учурда кызматкерлерден башка тастыктоочу документтер жана маалыматтар кошумча талап кылынышы мүмкүн.

8. Ушул Жобонун 6 жана 7-пунктарына жооп бербеген кызматкердин арызы кароосуз калтырылат.

9. Бекитилген бирдиктүү тизмелер белгиленген форма боюнча "Мамлекеттик ипотекалык компания" ААКга Сот департаменти тарабынан жөнөтүлөт.

## 3. Комиссиянын ишмердүүлүгүнүн жалпы шарттары

9. Ипотека жолу менен турак-жай алуу үчүн бирдиктүү тизмелерине киргизүү тууралуу арыздар Комиссия тарабынан каралат.

Комиссия ушул Жобонун 6 жана 7-пункттарына жооп берген кызматкерлерди бирдиктүү тизмелерине ар бир соттун төрагасы, Сот департаментинин жана САЖМнын директорлору кезектүүлүгүн аныктоо менен сунуштаган кызматкерлерди бирдиктүү тизмелерине киргизүү иш-чараларын жүргүзөт.

*Эскертүү: Сот департаментинин тутумунда – анын борбордук аппараты, Адилет сот мекемеси, облустук башкармалыктары жана Кыргыз Республикасындагы Сот аткаруучулар жана Сот приставдар кызматы болгондуктан, анын борбордук аппаратынын, Адилет сот мекеменин, облустук башкармалыктарынын жана Кыргыз Республикасындагы Сот аткаруучулар/Сот приставдар кызматтарынын кызматкерлерине батирлерди бөлүштүрүүнүн тартиби жана шарттары Сот департаменти тарабынан аныкталат.*

10. Комиссиянын катчылык функциясы Сот департаментинин Ресурстар башкармалыгына жүктөлөт.

11. Комиссиянын катчысы ипотека жолу менен турак-жай алуу үчүн ушул Жободо көрсөтүлгөн сотторго, Сот департаментине жана САЖМга жазуу жүзүндө кабарлоо, Комиссияда кароо үчүн келип түшкөн арыздарды топтоо жана атайын журналга каттоо иштерин камсыз кылат.



Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңеши * Совет судей Кыргызской Республики

Комиссиянын төрагасынын жана мүчөлөрүнүн сунуштары боюнча Комиссиянын жыйындарына күн тартиби Комиссиянын катчысы тарабынан даярдалат.

Комиссиянын катчысы Комиссиянын мүчөлөрүнө комиссиянын жыйынын өткөрүү датасы, убактысы жана орду жөнүндө алдын ала, 3 жумушчу күндөн кечиктирбестен кабарлоого милдеттүү.

Кызматкерлердин арыздарын кабыл алуунун мөөнөтү Комиссия тарабынан белгиленет.

Комиссиянын чечими жөнөкөй көпчүлүк добуш берүү менен кабыл алынат, мында добуштар тең болуп калган учурда Комиссиянын төрагасынын добушу чечүүчү добуш болуп саналат.

Комиссиянын катчысы чечимдерди кабыл алууда добуш берүү укугуна ээ эмес.

Бирдиктүү тизмелерди түзүүдө кызматкерлерге батирлерди берүүнүн кезектүүлүгүн аныктоо жана бөлмөлөрдүн санын бөлүштүрүү маселелерин кароодо Комиссиянын чечими ачык-айкындуулук жана адилеттүүлүк принцибине негизделген жүйөлүү жана негиздүү болууга тийиш.

Бирдиктүү тизмелер ушул Жобонун талаптарын бузуу менен түзүлгөн болсо, Комиссия аларды кайрадан кароого укуктуу.

Комиссиянын жыйындарында протокол түзүлөт, ал Комиссиянын төрагасы жана катчысы тарабынан кол коюлат.

Комиссиянын жыйынынын жыйынтыгы боюнча чечим кабыл алынат, ага жыйындын протоколу тиркелет жана Комиссиянын төрагасы, мүчөлөрү тарабынан кол коюлат.

Кабыл алынган чечим менен макул болбогон учурда Комиссиянын мүчөлөрү өзгөчө пикирин жазуу жүзүндө баяндоого укуктуу, ал жыйындын протоколуна милдеттүү түрдө тиркелүүгө тийиш.

Жыйындын протоколу жана Комиссиянын чечими жыйын өткөрүлгөндөн кийин 5 жумушчу күндүн ичинде таризделет.

Протоколдо төмөнкүлөр көрсөтүлөт::

1) протоколдун датасы жана номери;

2) Комиссиянын катышкан мүчөлөрү;

3) күн тартиби, жарыяланган пикирлер жана сөздөр;

4) ар бир каралуучу маселе боюнча Комиссиянын чечими;

5) “макул” жана “каршы” добуш бергендердин саны;

6) ар бир каралуучу маселе боюнча Комиссия мүчөлөрүнүн өзгөчө пикири;

7) башка маанилүү маалыматтар.

Жыйындар зарылчылыкка жараша Комиссиянын кароосу боюнча өткөрүлөт.

Жыйындар Комиссиянын курамынын 2/3ден ашыгы катышса укуктуу деп эсептелет. Мында жыйындарда Комиссиянын төрагасынын чечими боюнча аудио- жана/же видео жазуу жүргүзүлүшү мүмкүн.

Комиссиянын мүчөлөрү Комиссиянын жыйындарына жүйөлүү себептер болгондо аудио/видео байланыш аркылуу катыша алышат. Мындай учурда, дистанциялык форматтагы жыйынга катышкан Комиссия мүчөлөрү чечимге макулдашуу барагын жиберет (белги коюу менен).

Жыйынга жүйөлүү себептер менен катышпаган Комиссиянын мүчөсү жыйын башталганга чейин каралып жаткан маселелер боюнча өзүнүн пикирин жазуу жүзүндө баяндоого укуктуу, ал Комиссиянын катчысы тарабынан жарыяланат, добуш берүүдө эске алынат жана протоколго тиркелет.

Комиссия келип түшкөн арыздарды ушул Жобонун 6 жана 7-пунктарына ылайык карап чыгып, бир добуштан кийинки чечимдерди кабыл алат:

– сунушталган кызматкерлерди ар бир турак-жайдын бирдиктүү тизмесине киргизүү тууралуу;

– кызматкердин арызын канааттандырусуз калтыруу тууралуу.

12. Бирдиктүү тизмеси тиркемеге ылайык Комиссия тарабынан бекитилүүгө жатат.

## 4. Корутунду бөлүгү

14. Кабыл алынган жолу менен бул Жобого өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн.

15. Ушул Жобо сот тутуму үчүн ипотекалык жолу менен салынып жаткан бардык турак-жайларга тиешелүү жана туруктуу мүнөзгө ээ.

16. Ушул Жобо менен жөнгө салынбаган бардык маселелер жыйындын протоколу тиркелген Комиссиянын чечими менен чечилүүгө, ал эми кызматкерлер чечим менен макул болбогон учурда – Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык чечилүүгө тийиш.

*Кыргыз Республикасынын*
*Судьялар кеңешинин*
*2024-жылдын 29-ноябрындагы*
*чечими менен бекитилген*
*"Сот тутумунун кызматкерлерине*
*ипотека жолу менен*
*турак-жай берүү үчүн*
*бирдиктүү тизмесин*
*түзүү жөнүндөгү"*
*Жобосуна тиркеме*

**«БЕКИТИЛДИ»**
Бирдиктүү тизмесин түзүү
боюнча Комиссиянын
20___-жылдын ___-___________
№ ____ сандуу чечими менен

***(тийиштүү турак-жайдын дареги көрсөтүлөт)***
**Бирдиктүү тизме**

| **№** | **Ф.А.А.** | **Кызмат орду** | **Кезекке тургузуунун негиздери** |
|---|---|---|---|
| 1 | | | |
| 2 | | | |
| 3 | | | |
| 4 | | | |
| 5 | | | |
| 6 | | | |
| 7 | | | |
| 8 | | | |
| 9 | | | |
| 10 | | | |
| 11 | | | |
| 12 | | | |
| 13 | | | |
| 14 | | | |
| 15 | | | |
| 16 | | | |
| 17 | | | |
| 18 | | | |
| 19 | | | |
| 20 | | | |
| 21 | | | |
| 22 | | | |
| 23 | | | |
| 24 | | | |
| 25 | | | |
| 26 | | | |